
**ИШТИН КӨЗҮН БИЛГЕН АДИС БОЛУУ ОҢОЙ**

# *PLITONIT COLORIT FAST CLINKER – КУРГАК ТИГИШ АРАЛАШМАСЫ PLITONIT Colorit Fast Clinker (ПЛИТОНИТ Колорит Фаст Клинкер)*




Colorit Fast Clinker

Каптоо кирпичинен, клинкердик жана башка плитка түрлөрүн коюуда тигиштеринин туурасы 30 ммге чейин үчүн

Өңүнүн өчүп кетишинен коргоо
Колдун терисине жумшак*

2өө 1де – тигиш толтуруучу жана тигиш аралашмасы
Туз катмары пайда болуудан коргоо
Суукка абдан чыдамдуу F150
Тигиштин жогорку бекемдиги ≥20 МПа

**Колдонуу чөйрөсү**

Түстүү тигиш аралашмасы каптоо кышынан, клинкер плиткасынан, ошондой эле ички жана тышкы иштерде каптоочу керамикалык плиталар же каптоочу таштар ортосундагы тигиштерди толтуруу үчүн арналган. Ал турак жай жана коомдук имараттарды жана курулмаларды курууда жана оңдоодо, анын ичинде билим-тарбия берүү мекемелеринде, балдар, мектепке чейинки, мектептик жана медициналык мекемелерде (анын ичинде дарылоо-алдын алуу жана санаториялык-курорттук), ошондой эле аз кабаттуу турак жай курулушунда колдонулат.

**Колдонуу боюнча нускама**

Сунушталган тигиштин калыңдыгы 6дан 30 ммге чейин. Сунушталган негиздер: керамикалык, силикаттык жана клинкердик каптоо кышы, табигый жана жасалма таш, клинкер плиткасы, керамикалык плиталар. «Нымдуу жер» коюулугунда тигишти катмарлап толтуруу ыкмасы менен, же болбосо атайын тапанча же пакет аркылуу шламдоо ыкмасы менен колдонсо болот.

Биринчи ыкма каптоо кышы, фактурасы бар клинкер плиткасы ж.б. менен иштөө үчүн сунушталат, ал эми экинчиси — беттери жылмакай плиткалар үчүн. Жаңы курулуш үчүн да, ошондой эле кладканын тигиштерин жаңыртуу үчүн да ылайыктуу. Аралашма имараттардын сыртын каптоодо, клинкер плиткасы үчүн PLITONIT Clinker Fix желими менен бир системада колдонулат.

Жумуштарды ылдам жүргүзүү, тигишти тазалоо жана калыптандыруу оңой. Курамындагы атайын гидрофобдук кошумчалар туз катмарынын пайда болушун алдын алат. Тигиш күчөтүлгөн бекемдик касиетине ээ болгондуктан жана суукка туруктуу болгондуктан, сырткы иштерде узак мөөнөткө кызмат кылган ишенимдүү ыкманы камсыз кылат. Таңгактоо – 25 кг.

**Пиктограммалар / Техникалык мүнөздөмөлөр**

- Сырткы жана ички иштер үчүн
- 6-30 мм тигиш
- 12 сааттан кийин басууга болот
- Суу менен байланыш — 24 сааттан кийин
- Аралашманын ишке жарамдуулук мөөнөтү: 2 саат
- Аралаштыруу убактысы: 3 мүнөт
- Суукка туруктуулук маркасы F150
- Кысууга болгон бекемдиги ≥20 МПа
- Иштөө температурасы: +5°Стан +30°Ска чейин
- Пайдалануу температурасы: -50°Стан +70°Ска чейин
- Жарактуулук мөөнөтү: 12 ай

**Түстөрү:** 11 түс

**Материалдын чыгымдалышы***

≈ 2,5 кг/м² (өлчөмү 240×71×10 мм болгон клинкер плиткасы үчүн, тапанча менен колдонгондо)

≈ 3,7 кг/м² (өлчөмү 240×71×10 мм болгон клинкер плиткасы үчүн, «суюк жер» коюулугунда колдонгондо)

*Курулуштун башында кургак аралашманын иш жүзүндөгү чыгымын так аныктоо үчүн тигиштерди сыноо иретинде толтуруу сунушталат.

**Жумуш аткаруунун шарттары**

Иш жүргүзүү учурунда жана кийинки 3 сутка ичинде абанын, негиздин жана каптоочу материалдын температурасы +5°Стан +30°Ска чейин болушу керек. Иш учурунда аралашманын температурасы +10°Стан +30°Ска чейин болууга тийиш. Иштетүү температурасы +70°Ска чейин. Аралашма сырткы иштер үчүн да арналган. Мындай иштерди аткарууда тигиштердин бетин жумуш учурунда жана андан кийинки 24 саат бою атмосфералык жаан-чачындан коргоо зарыл.

**Негизди даярдоо**

Тигиштери салына турган негизди кирден жана чаңдан тазалоо, катмарланып сыйрылган бөлүктөрүн алып салуу керек. Тигиштин тереңдиги плитканын калыңдыгынын жарымынан кем эмес болушу керек. Калыптоону, тигиштерди желим аралашмасын өндүрүүчү тарабынан белгиленген мөөнөттөрдө шыбалышы керек.

**Аралашманы даярдоо**

Кургак аралашманы даярдоо үчүн  ичүүчү суу түтүгүнөн алынган сууну колдонуу керек. Аралаштыруу катышы:

| Өңдөр | «Нымдуу жер» коюулугунда тыгыздап толтуруу ыкмасы менен колдонуу — 1 кг кургак аралашмага / 25 кг бир капка | Тапанча же тигиш толтуруучу пакет менен колдонуу — 1 кг кургак аралашмага / 25 кг бир капка |
|---|---|---|
| Ак, саргыч, ачык күрөң, сары. | 0,14-0,16 л суу/3,5-4,0 л суу | 0,24-0,27 л суу/6,0-6,75 л суу |
| Боз, кочкул боз, графит, кара, күрөң, шоколад (кочкул күрөң), кирпич (саргыч күрөң) түстүү | 0,10-0,12 л суу/2,5-3,0 л суу | 0,17-0,20 л суу/4,25-5,0 л суу |

Кургак аралашманы алдын ала өлчөнгөн бөлмө температурасындагы сууга кошуп, электр миксери же насадкасы бар электр бургусу менен 2-3 мүнөт бою, айлануу ылдамдыгы мүнөтүнө 600дөн ашырбай, бир өңчөй абалга келгенче аралаштырыңыз. Аралашманы 5 мүнөт тыныктырып, андан кийин кайра бир жолу аралаштырып алыңыз. Кайра аралаштырылганда жогоруда көрсөтүлгөн катыштын эң көп көрсөткүчүнө чейин суу кошууга уруксат берилет. Даяр аралашманы колдонуу убактысы – 2 сааттан ашык эмес (өтмө шамал жана жогорку температура бул убакытты кыскартат).

**Иштин тартиби**

*«Нымдуу жер» коюулугунда тыгып толтуруу ыкмасы менен катмарлап колдонууда*:

Тигиш аралашмасы эки катмар менен «жаңысынын үстүнө жаңы» ыкмасы боюнча колдонулат жана тигиш калыптоочу менен басым жасап тегизделет. Колдонуу жана иштетүүнүн бир калыпта жана бир тектүү болушу тигиштердин түсүнүн кийин бирдей болушунун кепилдиги болуп саналат. Иштеп жатып, тыныгуу болгондо кладканы жабуу керек.

*Тапанча же тигиш толтуруучу пакет менен шлам ыкмасы аркылуу колдонууда:*

Атайын пистолет же тигиш толтуруучу пакет менен тигиштер толук толгонго чейин толтурулат. Аралашма «шлам» ыкмасы менен колдонулат же тапанчанын шприцинен түздөн-түз плиткалар аралык тигиштерге сыгылып чыгарылат. Колдонуу жана иштетүүнүн бир калыпта жана бир тектүү болушу тигиштердин түсүнүн кийин бирдей болушунун кепилдиги болуп саналат. Тигиштерди дайыма аралашманын бирдей катуулай баштаган деңгээлинде тегиздөө керек.  Тигиштердин бети катып баштаары менен плитканы тазалоо керек Тигиштердин канчалык катканын тийип көрүп («баш бармак» ыкмасы) аныкташ керек. Плитканын бетин губкалуу сүргүчтүн (тёрка) жардамы менен тигиштерге карата кыйгач сызык боюнча тазалаңыз. Мында тигиштердеги аралашманын жуулуп кетишине жол бербөө керек.

Эгерде аралашма жуулуп жатса, бул аралашманын керектүү деңгээлде ката электигин билдирет. Тазалоо үчүн сууну маал-маалы менен алмаштырып туруу керек. Аралашманын калдыктарын бет толугу менен тазаланганга чейин жууп туруңуз. Каптоочу материалдын бетин аралашманын калдыктарынан акыркы жолу тазалоо кургак жумшак чүпүрөк менен жүргүзүлөт.

**Көңүл буруңуз**

Жумуштарды аткарууда жалпы курулуш иштерин жүргүзүү боюнча нускамаларга жана курулуштагы техникалык коопсуздук эрежелерине ылайык иш кылуу керек. Сатып алууда партиянын номуруна көңүл буруңуз, анткени түстүн өңү ар бир партияда айырмаланышы мүмкүн. Түсү жана анын бир калыпта болушу төмөнкү себептерге байланыштуу болушу мүмкүн: плитканы алгач кургак тазалоого; төмөн нымдуулукка жана жогорку температурага; тике тийген күн нурларыга жана ары-бери желт эткен желге; тигиштердин тереңдигиндеги айырмачылыктарына; аралашмага сууну ченемден ашык кошууга жана суунун сапатына; негиздеги ашыкча нымдуулукка; плиткалардын же каптоочу кыштын каптал четтеринин сиңирүү жөндөмдүүлүгүнүн ар түрдүүлүгүнө; аралашманын бирдей эмес жуурулушуна. Глазурланбаган жана одуракай плиткалардын ортосундагы тигиштерди шыбоонун алдында шыбак аралашмасынын калдыктары плиткадан канчалык жакшы жууларын текшерүү үчүн тигиштерди сыноо иретинде толтуруп көрүү керек. Жумушту аткарып жатканда аралашманы мезгил-мезгили менен аралаштырып туруу сунушталат. Даяр аралашмага кошумча суу кошууга тыюу салынат. Дат баскан шаймандарды колдонууга жол берилбейт. Аралашманын жарактуулук мөөнөтү суунун температурасына, кургак аралашманын температурасына жана айлана-чөйрөнүн температурасына жараша өзгөрүшү мүмкүн. Эгер абанын температурасы +20°Стан +30°Ска чейинки аралыкта болсо, ишти баштоодон мурун тигиштерди кошумча нымдап алуу керек.

**САКТЫК ЧАРАЛАРЫ**

Бул аралашма ГОСТ 12.1.007 боюнча кооптуулуктун 4-классына (көп кооптуу эмес заттарга) кирет. Жумуш учурунда кол каптарды, коргоочу көз айнектерди жана дем алуу органдарын коргоочу каражаттарды колдонуу керек. Аралашма териге жана көзгө тийбеши керек. Көзгө тийип кетсе, дароо көп өлчөмдөгү суу менен жууп салуу керек. БАЛДАРДАН ООЛАК КАРМОО КЕРЕК!

**Курамы:** кум, портландцемент, минералдык толтургуч, өзгөртүүчү кошулмалар

**Ташуу жана сактоо шарттары**

Жүктөрдү ташуу эрежелерине ылайык, үстү жабык унаа каражаттарында ташуу керек. Жабык, кургак жайларда, таңгактын бүтүндүгү сакталган жана нымдан корголгон шарттарда сактоо керек.

**Өндүрүүчүнүн кепилдиги**

Өндүрүүчү керектөөчү ташуу, сактоо шарттарын жана ушул нускаманын көрсөтмөлөрүн сактаган учурда аралашманы техникалык шарттардын талаптарына шайкештигине кепилдик берет. Материал менен иштөө технологиясы сакталбаса, ошондой эле ал ушул нускамада айтылбаган максаттарда жана шарттарда колдонулса, өндүрүүчү булар үчүн жоопкерчилик тартпайт. Таза салмагынан ГОСТ Р 8.579-2019ге ылайык четтөөгө жол берилет.

Өндүрүм жарандык курулуштун бардык түрлөрүндө колдонууга уруксат берилген (Аэфф<370 Бк/кг, НРБ-99/2009 СанПиН 2.6.1.2523–09 боюнча).
ТУ 23.64.10-229-51552155-2022 ылайык жасалган
СТР белгиси

* Москтва шаарынын Гигиена жана эпидемиология борборунун Адистик корутундусунун негизинде аралашма тери аркылуу сиңүүчү жана сезгендирүүчү таасирге ээ эмес. Териге бир жолу тийгенде дүүлүктүрүүчү таасири жок, кайра-кайра тийсе, анча-мынча дүүлүктүрөт. Бул нускаманын САКТЫК ЧАРАЛАР бөлүгүнө ылайык, жеке коргонуу каражаттарын колдонуу керек.